КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК КАДР
КЫЗМАТЫНЫН
ТҮШТҮК АЙМАКТЫК
ӨКҮЛЧҮЛҮГҮ

(Ош, Жалал-Абад, Баткен областтары
жана Ош шаары боюнча)
714000, Ош шаары, Ленин көчөсү, 221
тел.:0 3222-5-66-15, факс0-3222-5-50-48

ЮЖНОЕ ТЕРРИТОРИАЛЬНОЕ
ПРЕДСТАВИТЕЛЬСТВО
ГОСУДАРСТВЕННОЙ КАДРОВОЙ
СЛУЖБЫ КЫРГЫЗСКОЙ
РЕСПУБЛИКИ

(по Ошской, Жалал-Абадской,
Баткенской областям и г. Ош)
714000, г. Ош ул. Ленина, 221
тел.:0 3222-5-66-15, факс0-3222-5-50-48

Чыг.Исх.№ 01-10/194
«06» ноября 2020-ж.г.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Ж. М. Жалаловго

Урматтуу Жаныбек Махматалиевич!

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик кадр кызматы Сиздерге 2021-2022-жылдарга "Жаш лидерлер" стипендиялык программасы боюнча кабыл алуу башталганын жарыялайт. **(Young Leaders Program)**

Программа Азия жана башка мамлекеттердин турмушунда активдүүлүгүн көрсөтүүнү каалаган жаш перспективдүү адистерге багытталган.

Бул программа Кыргызстандын мамлекеттик жана муниципалдык кызматта эмгектенген кызматкерлерге Японияның университеттеринен "Өкмөттүк мектеп" (School of Govornment) багыты боюнча магистр даражасын алууга мүмкүнчүлүк берет.

Программага катышууну каалаган талапкерлер төмөндөгү критерийлерге туура келүүсү шарт: англис тилин эркин билүүсү (деңгээл TOEFL IBT артыкчылыктуу 79, IELTS 6.0), 40 жашка чейин, жогорку билимдүү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматта 2021-жылдын 1-октябрына карата кеминде 3 жыл (5 жыл же андан көбүрөөк болсо артыкчылыктуу).

Жогорудагы программага катышуу үчүн тиешелүү талаптарга жооп берген кандидаттарды сунуштасаңыздар болот.

Кандидаттардын баардык документтери (арыздын формасы, медициналык форма, сунуш кат, эссе ж.б.) англис тилинде толтурулуш керек жана Мамлекеттик кадр кызматына (Бишкек шаары Чүй проспектиси 122/Панфилов көчөсү, 3 кабат 304 каб.) 2020-жылдын 24-ноябры саат 17-00 гө чейин тапшыруу керек.

Жогоруда көрсөтүлгөн иш кагаздарынын баары Мамлекеттик кадр кызматынын сайтында жеткиликтүү (www.mkk.gov.kg, Мамлекеттик кадр

кызматы болугунун Ишмердик кызматкерлердин окутуу узак мөөнөттүк окутуу курстары (Young Leaders Program for 2020)

Жогорудагы маалыматты облустун аймагындагы мамлекеттик мекеме-ишканаларга жеткирип коюуңуздарды суранам.

Жетекчи **А. Б. Акколиев**

Атк. Д. Сатыкулов тел. 0(3222)5-56-76